4.10.

# №97 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ ОРТО МЕКТЕБИНИН САБАКТЫ НАЧАР ӨЗДӨШТҮРГӨН ОКУУЧУЛАР ЖАНА АЛАРДЫН АТА-ЭНЕЛЕРИ МЕНЕН ИШТӨӨ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**КАРАЛДЫ**

Педагогикалык кеңештин
№ 3-токтому

«9» январь 2023-ж.

**БЕКИТЕМ**

№97 жалпы орто билим берүү мектебинин директору

_______ З.Э. Жээнтева

«9» январь 2023-ж.

**№97 жалпы орто билим берүү орто мектебинин сабакты начар өздөштүргөн окуучулар жана алардын ата-энелери менен иштөө ишмердүүлүгү жөнүндө**

**ЖОБО**

1. **Жалпы жобо**
   Жобо КР Билим берүү жөнүндөгү мыйзамынын, жалпы билим берүүчү мектептин типтүү жобосунун негизинде иштелип чыкты
2. **Максаты:**

2.1. Билим берүү жөнүндө мыйзамдын аткарылышын камсыздоо

2.2. Жалны мектепте жана айрым окуучуларды окутуунун сапатын, деңгээлин жогорулатуу

3. **Милдеттери:**

3.1. Окуу процессине болгон окуучулардын жоопкерчиликтүү мамилесин калыптандыруу

3.2.Билим берүү жөнүндөгү мыйзамга ылайык ата энелердин балдарды окутуудагы жоопкерчилигин күчөтү

4. **Ишмердүүлүктүн түрлөрү жана негизги багыттары**

- Окуучулардын билим сапатынын жана жетишүүсүнүн төмөн болушунун себептерин аныктоо
- Окуучулардын билим сапатынын жана жетишүүсүнүн жогорулатууга багытталган комплекстүү иш чараларды кабыл алуу

5. **Педагогикалык коллективдин сабакты начар өздөштүргөн окуучулар жана алардын ата энелери менен иштөө ишмердүүлүгүнүн программасы**

5.1. Окуучулардын билим деңгээлин аныктоо максатында окуу жылынын башталышында диагностика жүргүзүү

5.2. Баалоонун объективдүү болушу үчүн сабакты суроонун ар түрдүү формаларын (оозэки, жазуу, жекече) колдонуу

5.3. Дайыма системалуу түрдө суроо менен бааны өз убагында коюу

5.4. Окуучунун баасына комментарий берүү (окуучунун кийинки сабактарда ката кетирбеш үчүн жетишеген жагын белгилөө)

5.5. Окуучулардын жазуу иштеринде кетирген кемчиликтерин жогору максатында катанын устундо иштөө

5.6. Предметтик мугалимдер окуучунун теманы өздөштүрүүдө кездешкен кыйынчылыктарын билип убагында консультация берүүсү керек

5.7. Предметтик муталим класс жетекчи жана ата энеге окуучунун сабактардагы жетишегендиги жөнүндө убагында билдириши керек (эгерде бир сабактан 3 же андан көп «2» болсо)

5.8. Мугалим окуучунун сабак учурундагы начар жүрүм-туруму үчүн баасын

төмөндөтпөөсү керек, мындай учурда башка чара колдонуусу керек

5.9. Предметтик мугалим төмөндөгү документтер менен иш алып барат

- сабагынан жетише албаган окуучулар менен жекече иштөөнүн графиги
- сабагынан жетише албаган окуучулардын жеке картасы
- Билим алууда кемчиликтерди жоюу боюнча кошумча тапшырмалар
- Кошумча сабактар үчүн окуучулардын дептерлери
- Төмөнкү формала сабагынан жетише албаган окуучулар менен иштөөнүн отчету

| Окуучунун аты жөнү | Сабагынан жетишпегендигинин себеби | Использованны виды опроса | Кемчиликтерди жоюнун формасы | Иштин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

5.10. Жогорудагы 5.1 -5.9. ишке ашырылгандан кийин окуучунун билим дэңгээлинде өзгөрүү болбосо предметтик мугалим төмөндөгүдөй формада отчет берет

| Окуучунун аты жөнү | Сабагынан жетишпегенин себеби | Использованы виды опроса | Кемчиликтерди жоюнун формасы | Сроки сдачи материалов | Класс жетекчиге маалымдаган күнү | Ата энеге маалымдаган күнү | Иштин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |

6. **Класс жетекчинин ишмердүүлүгүнүн программасы**

6.1. класс жетекчи окуучу менен жекече аңгемелешүү аркылуу сабакка жетишпегендигинин себебин төмөндөгү себептерди эске алуу менен аныктоого милдеттүү окуучу, ата эне менен жекече сүйлөшүү. анкета алуу)

- Сабак калтыруу (себептуу же себепсиз)
- Үйдөн жетишсиз даярдануу;
- Жөндөмдүүлүктүн төмөндүгү
- Окууну каалабагандык
- Сабакта жетишсиз иш алып баруу
- Сабакта баанын обьективдүү эмес коюлушу
- Үй тапшырманын көлөмүнүн коптугу
- Окулуп жаткан материалды татаалдыгы
- Башка себептер

6.2. Эгерде сабагынан жетишпоонун себеби сабак калтыруу болсо, класс жетекчи себептүү же себепсиз экенин аныктоосу керек

***Сбептүү болуп саналат;***

А) оорусу боюнча дарыгердин тастыктаган маалымкаты же ата эненин 3 кундук мөөнөттөн ашпаган түшүнүк каты

Б) иш чарага катышууга чакыруу, маалымдама, иш чараны өткөрүп жаткан мекеменин буйругу

В) окуучунун абалы начарласа класс жетекчиге, предметтик мугалимге билдирүү менен сабактарынан бошотулганда
Г) Үй бүлөлүк шарына байланыштуу (директордун наамына жазылган ата энении арызы)
Себепсиз болуп саналат;
Окуучунун сабакка келбеген себебин тастыктоочу документ болбосо. Мындай учурда
класс жетекчи 1же 2 жолу келбегенин күндөлүккө жазуу менен ата энеге билдирет, эгерде
бир нече жолу калтырса ата эне менен аңгемелешүү менен, системалуу түрдө калтырса кичи педагогикалык кеңешмеде талкуулоо менен чечсе болот
6.3. Эгерде сабагынан жетишпөөнүн себеби үйдөн жетишсиз даярдануу, жөндөмдүүлүктүн төмөндүгү, окууну каалабагандык болсо класс жетекчи окуучунун ата энеси менен профилактикалык иш жүргүзөт. Ата энеси өзүнүн милдеттеринен баш тартса мектеп администрациясына кайрылат
6.4. Сабакта жетишсиз иш алып баруу, сабакта баанын объективдүү эмес коюлушу. үй тапшырманын көлөмүнүн коптугу, окулуп жаткан материалдын татаалдыты сабактан жетишпөөнүн себеби болуп жатса, класс жетекчи предметтик мугалим менен сүйлөшөт же мектеп администрациясына текшерүү үчүн кайрылат
6.5.Предметтик мугалим төмөндөгү документтер менен иш алып барат

**Сабакты начар өздөштүргөн окуучулардын үйүнө баргандыгын белгилөөчү журнал**

| Барган күнү | Максаты | Чечими | Ата эненин колу |
|---|---|---|---|
| | | | |

**Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен сүйлөшүү каттоо журналы**

| Сүйлөшүлгөн күнү | Сүйлөшүнүн максаты | Чечими | Окуучунун колу |
|---|---|---|---|
| | | | |

**Предметтик мугалимдердин сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө журналы:**

| Дата | Мугалимдин аты жөнү | Көйгөйлөр | КабЫл алынган |
|---|---|---|---|
| | | | |

**Класс жетекчинин сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөөсү боюнча отчету**

(ай сайын мектеп администрациясына тапшырат)

| | | Үйлөрүнө баруу | | Алдын алуу үчүн аңгемелешүү | | Кошумчак сабактарга катышуусун көзөмөлдөө үчүн предметтик мугалимдер менен сүйлөшүү | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Окуучунун аты жөнү | Барган күнү | Окуучунун аты жөнү | Аңгмелеш кен күнү | Предметтик мугалимдин аты жөнү | Предмет | |
| | | | | | | | | |

7. Окуучунун ишмердүүлүгүнүн программасы

7.1. Окуучу жазуу иштерин текшертүү үчүн өз убагында мугалимге көрссөтүүгө, үй тапшырмасын аткарууга милдеттүү.

7.2. Окуучу сабак учурунда берилген тапшырмаларды, конүгүүлөрдү аткарууга милдеттүү.

7.3. окуучу сабак калтыргандагы окуу материалдарын өз алдынча окуп үйрөнөт, кыйынчылыкка дуушар болсо мугалимге жардам сурап кайрыла алат.

8. Ата эненин ишмердүүлүгүнүн программасы

8.1. Ата эне мугалим же класс жетекчи чакырганда мектепке келүүгө милдеттүү.

8.2. Ата эне окуучунун мектепке келип жатканын, үй тапшырмасын аткарып жатканын көзөмөлдөйт.

8.3. Ата эне окуучунун сабак калтыргандагы окуу программасын өз алдынча окуп үйрөнүүсү үчүн предметтик мугалим менен байланышып окуучуга жардам берүүгө милдеттүү.

8.4. Ата эне окуучу жетише албай жаткан предмет боюнча сабактарга катышууга укуктуу.

5. Окуучу аткары жаткан көнүгүүсүнүн максатын айта албайт,кайсы эреже боюнча берилгенин, эреженин көрсөтүлгөндөй аткара албайт жана келип чыккан жыйынтыкты текшере албайт.

6. Окуучу эрежелерди, формулаларды өз сөзү менен айта албайт, даяр текстен алыстай албайт, тексти түшүнбөйт. Бул белгилер тиешелүү суроо берилгенде жооп бере албагандыгынан көрүнүп турат.

**Окуучулардын сабактан артта калуусун аныктоопун негизги ыкмалары**

- Окуучулардын сабак учурундагы жетишкен ийгилиги жана ийгиликсиз иштери үчүн реакциясын байкоо
- Кандайдыр бир жобонун негизинде мугалимдин суроо жана талаптарын топтоштуруу

- Класста өз алдынча иштерди өткөрүү. Өз алдынча иш алууда анын жыйынтыгын баалоо катары колдонуу. Мугалим окуучунун ишине байкоо жүргүзөт, аны угат, суроолоруна жооп берет жана кээде жардам берет.

**Окуучунун сабакты өздөштүрө албагандыгынын негизги белгилери**

1.Окуучунун билим алууда жана берилген атайын предмет боюнча билим билгичтери жетишсиз болгондон улам окутуудагы түшүнүктөрдү, мыйзамдарды, теориялардын маанилүү элементтерин мүнөздөй албайт жана керектүү практикалык иш аракеттерди аткара албайт

2.Билим алуу ишмердүүлүгүндө, окуучу атайын берилген убакытта керектүү билимдердин билим билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн көлөмүн өздөштүрө албагандан улам окуучунун иштөө темпи төмөндөйт

3.Инсандык сапаттарга тарбиялоо жетишсиз деңгээлде болгондуктан окуучунун өз алдынча болуусуна дилгир, уюштуруучулук жана башка ийгиликтүү билим алууга керектүү сапаттарга ээ болуусуна тоскоолдук түзөт

**Жетише албаган окуучуларга жардам берүүдөгү оптималдуу иш чаралар**

1. Окуу ишмердүүлүгүн пландаштырууда жардам көрсөтүү (көнүгүүлөрдүн көлөмүн
эске алуу, катанын устундө)
2. Окуу ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө кошумча түшүнүк берүү
3. Окуу ишмердүүлүгүн стимулдаштыруу (баалоо же сыйлоо, ийгиликтүү жагдай түзүү, активдүү эмгекке чакыруу ж.б)
4.Окуу ишмердүүлүгүн көзөмөлгө алуу (окуучуну көбүрөөк суроо, үй тапшырмаларды текшерүү, өзүн өзү көзөмөлдөөнү активдештирүү)
5. Өз ара жардам көрсөтүүнүн ар түрдүү формалары
6. Окуучу менен кошумча сабактарды алып баруу

**Окуучунун жетишпегендигин алдын алууда көрүлүүчү чаралар**

1. Ар бир сабактын натыйжалуулугун ар тараптан жогорулатуу
2: Окутууда билим алууга болгон кызыкчылыкты калыпттандыруу
3. Окуучуга жекече мамиле жасоо
4. Үй тапшырмалардын атайын системасын түзүү
5. Ата энелер менен иш алып баруунун күчөтүү
6. Окуучунун билим алууда жоопкерчилигин жогорулатууга чакыруу

8.5. Ата -эне класс жетекчиге, мектеп администрациясына жардам сурап кайрылууга укуктуу.

8.6. Ата эне өз милдетинен баш тарткан учурда административдик чара колдонуу максатында жашы жете элек өспүрүмдөрдүн ишин кароо комиссиясына тиешелүү материалдар жөнөтүлөт.

**9. Мектеп администрациясынын ишмердүүлүгүнүн программасы**

9.1. Окуу процессинин бардык баскычтарында сабакты начар өздөштүргөн окуучулар
менен иштөөнүн ишмердүүлүгүн көзөмөлдөйт.

9.2 Мектеп администрациясы төмөндөгү документтер менен иш алып барат:

- Педагогикалык коллективдин сабакты начар өздөштүргөн окуучулар жана алардын ата
энелери менен иштөө ишмердилүгү жөнүндө жобосу
- Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөөнүн планы
- Сабакты начар өздөштүргөн окуучулардын жалпы тизмеси;

- окуу жылына карата сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен кошумча сабактарды
өтүүнүн графиги;
- Сабакты начар өздөштүргөн окуучулардын кошумча сабактарына катышуунун графиги;
- Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө боюнча маалымдамалар, отчеттор.

9.3. Мектеп администрациясы окуу жылында педагогикалык жамааттын сабакты начар
өздөштүргөн окуучулар менен иштегендиги жөнүндө аналитикалык маалымдама жазат.

9.4.Мектеп администрациясы кабыл алынган иш чаралар натыйжасыз болгон учурда
окуучунун андан аркы окуусу боюнча кичи пед кеңеш өткөрөт жана ага окуучунун ата
энеси чакырылат

9.5. Сабакты начар өздөштүргөн окуучуларды кайталап окутуу курсуна калтыруу жөнүндө
чечимди педагогикалык кеңеш кабыл алат.

**10. Учурдагы жобонун аткарылышын көзөмөлдөө жөнүндө**

10.1. Күнүмдүк көзөмөлдү класс жетекчи, предметтик мугалим, ата эне ишке ашырат.

10.2. Учурдагы жобонун сактальнын жалпы көзөмөлдөөнү ОТИ боюнча директордун
орун басары ишке ашырат

№_______ буйрук менен ишке кирди.

**Начар өздөштүргөн окуучулар менен сабак учурунда иш алып барууда мугалимдер үчүн эстеткич**

1. Начар өздөштүргөн окуучуларды оозеки суроодо;
   - Суроо берүүдөн мурда жагымдуу атмосфера түзүү
   - Даярданууга көбүрөөк убакыт берүү, жооптун кыскача планын сунуш кылуу
   - Жоопту системалаштырууга жардам берүүчү көрсөтмө куралдарды (плакат, схема
     ж.б) пайдаланууга уруксат берүү,
   - Фронталдык аңгемелешүүдө көбүрөөк суроо берүү
   - Начар өздөштүргөн окуучулардын билим деңгээлин аныктоо үчүн алардын жоопторун башка окуучулардын өз алдынча иштери менен салыштыруу
2. **Жаңы материалды түшүндүрүү;**
   - Сабакка көңүл бура турган атайын ыкмаларды колдонуу
   - Сабакта начар өздөштүргөн окуучуларга бат-бат кайрылып туруу
   - Начар өздөштүргөн окуучулардын ар бири өтүлүп жаткан материалды түшүнүшү үчүн сабактын максатын жана милдетин так аныктоо
   - Окуучунун көңүлүн бура турган обьектерди белгилеп, чочун кыжырын келтире турган нерселерди алып салуу
   - Проблемалык ситуация түзүү, окуу ишмердүүлүгүндө ар түрдүү ыкмаларды колдонуу
   - Окуучулардын темага болгон кызыгуусун жогорулатуу
3. **Өз алдынча иштерди уюштурууда**
   - Тапшырманы этаптарга болуу кыйынчылыкты эмес кубанычты, канааттанууну сезиши үчүн биринчи өз алдынча кадамын мактоо
   - Приборлорду даярдоодо, тажрыйба жасоода ж.б начар өздөштүргөн окуучуларды жардамчы катары тартуу
   - Ар кандай деңгээлдеги жазуу иштерин колдонуу
4. **Үй тапшырмасын берүүдө;**
   - Окуу китебиндеги белгилүү параграфты табуу
   - Тапшырма менен таанышуу
   - Суроо берүүнү сунуштоо
   - Үй тапшырманын көлөмүн эске алуу
   - Үй тапырманын татаалдыгын жеңилдетүүгө багытталган карточкаларды берүү
5. Сабактын планында начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөөнү чагылдыруу

**Сабагынан жетишпеген окуучулар менен иштегендерге эскерткич**

1. Окуучунун аты жөнү
2. Класс
3. Кайсы предмет боюнча жетише албай жатат
4. Окуучунун жүрүм-туруму
5. Начар өздөштүрүүгө алы келген негизи себептер
6. Окуучулар менен иш алы барууда кандай каражаттар колдонулат
7. Окуучунун өздөштүрүүсүндөгү кемчиликтерди жоюуда кимдер иш алып барат
8. Канча, убакыттан бери иш алып барышат
9. Аткарылган иштин жыйынтыгы, кандай өзгөрүүлөр бар

**Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөөнүн планына**

**Түшүндүрмө кат**

Мектептеги эң актуалдуу проблемалардын бири- окуу тарбия процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу жана сабактардан артта калууну жоюу болуп саналат. Аны чечүүдө окуучулардын билимин калыптандырууда жаңы натыйжалуу жолдорду издөөгө, анын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алууга жана окутууну уюштуруу формаларын жана методдорун өркүндөтүүгө таянат.

**Максаты:** предметтер боюнча системалуу иш жүргүзүү менен окуучулардын жалпы
жана өзгөчөлөнгөн билим берүү иш аракеттеринин негизинде кабыл алуусун калытандыруу

**Милдети:** Окуучуларга кошумча билим берүү үчүн, сабактан тышкаркы ишитин системасын түзүү. Жаны маалымат менен камсыз кылуу. Сабакка болгон кызыгуусун
терендетүү. Окуучулардын кругозорун жана билгичтиктерин андан ары кеңейтүү, начар өздөштүргөн окуучуларды активдештирүү

**Пограмманын планлаштырылга жыйынтыгы:**

Сабакты начар өздөштүргөн жана жетишпеген окуучулардын жеке өсүшү, интелектуалдык жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарт түзүү

Начар өздөштүргөн окуучулар окуу программасын өздөштүрүү үчүн жаңы билим берүү технологияларын киргизүү.

Начар өздөштүргөн окуучулар үчүн чыгармачыл конкурстарга, көргөзмөлөргө жана башка иш чараларга катышууга мүмкүнчүлүк түзүү

Сабактан артта калуунун белгилери

1. Окуучу тапшырманын кыйынчылыгы эмнеде экенин айта албайт, аны чечүүнүн
планын белгилей албайт. өз аллынча тапшырма аткара албайт. текст боюнча суроолорго жооп бере албайт жана жаны сабактан эмне билгендигин айта албайт.

Бул белгилер маселени чыгаруудан, текст окуудан же мугалимдин түшүндүрмөсүн угуудан кийин билинет

2. Окуучу өтүлгөн тема боюнча суроо бербейт. Окуп жаткан китебине кошумча материалдарды издебейт жана издөөгө аракет да кылбайт. Маселе чыгарганда, тексти кабыл алууда аракет кылбаганы көрүнүп турат.

3. Сабак учурунда изденүүдө, ойлонууда жана кыйынчылыктан чыгууда окуучу аракеттенбейт жана ал башка нерсе менен алектенет

4.Окуучу өзүнүн жетишкендигин жана жетишпегендигин жан дүйнөсү менен кабыл
албайт, өзүнүн ишине баа бербей, өзүн өзү көзөмөлдөбөйт.

4.11.

# №97 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИНИН БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

| | |
|---|---|
| **КАРАЛДЫ**<br><br>Педагогикалык кеңештин<br>№ _2_ - _токтому_<br>«_2_» _ноябрь_ 202_2_-ж. | **БЕКИТЕМ**<br><br>№97 жалпы орто билим берүү мектебинин директору<br>__________ З.Э. Жээнтева<br>«___» ___________202___-ж. |

**№97 жалпы орто билим берүү мектебинин билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндө**

**ЖОБО**

**1 . Жалпы жобо**

1.1.Билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүүзүү жөнүндө ушул Жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө " Мыйзамына ылайык иштелип чыккан жана жалпы билим берүү мекемелеринде билим сапаитына мониторинг жүргүзүү тартибин аныктайт.

1.2.Ушул жободо төмөнкүдөй терминдер колдонулат:

Билим сапатына мониторинг жүргүзүү - бул билим берүү процессин алдыга жылдыруу учун адекваттуу башкаруу чечимдерин өз убагында кабыл алуу маанисинде билим сапатынын негизги касиеттеринин өзгөрүүсүн атайын уюштурулган үзгүлтүксүз мониторинг , анализдин негизинде ага шарттар түзүлгөн топтолгон маалымат дана педагогикалык божомол .

Мониторинг – бул билим берүү тутумунун өнүгүшүнүн жана иштешине белгиленген максаттарга шайкештигин же шайкеш эместигин аныктоо үчүн процесстерди . натыйжаларды жана башка мүнөздөмөлөрдү тутумдуу көзөмөлдөө.

Билим берүүнүн сапаты билим берүү тутумунун ажырагыс мүнөздөмөсү болуп саналат, билимлдин иш жүзүндө жетишилген натыйжаларынын социалдык жана жеке күтүүлөрдүн ченемдик талаптарына шайкештиги.

1.3.Мониторингдин максаты – билим берүү тутумунун абалы жана анын иштешинин негизги көрсөткүчтөрү жөнүндө маалыматтарды топтоо ,жалпылоoo жана талдоо, мектепт еги билим берүү тутумунун өнүгүү тенденциясын аныктоо , сапаттуу билимге жетишүү үчүн башкаруунуну чечимдерин кабыл алуу .

2. **Мониторингдин милдеттери**

Максатга жетишүү үчүн мектептин билим берүү тутумунун абалы жөнүндө маалыматты сактоонун бирдиктүү тутумуунун меганизмин калыптандыруу боюнча төмөнкү маселелер чечилүүгө тийиш :

- мектептин билим берүү тутумунун абалын аныктоо ;
- мониторингдин баардык субьекттеринин ишин кординоциялоо ;
- билим берүүнүн сапатына таасир этүүчү факторлорду аныктоо,

терс кесепеттерди жоюу иш – аракеттерин минималдаштыруу чараларын көрүү ;

- алынгвн маалыматтарды талдоонун незизинде мектептин билим берүү иш – аракеттеринин тутумун өнүктүрүүнүн негизги стратегиялык багыттарын иштеп чыгуу

3. **Мониторинг жүргүзүү объектилери төрт негизги топту түзөт;**
   - билим берүү иш – аркеттеринин субьектери ,
   - Билим берүү процесстери ,
   - Билим берүү иш – иш чараларын жүзөгө ашыруу шарттарыт ,
   - Билим берүү иш - аракеттеринин натыйжалары

4. **Мониторинг**

4.1 Мониторинг билим сапатынын негизги аспектилерине :

- Натыйжанын сапатына;
- шарттардын сапатына;
- процесстердин сапатына багытталган

4.2. Мониторингдин билим сапатынеа негизги аспектилерине багытталышы иерархиалык түзүмдү камтыйт мында билим берүү процессинин натыйдасында сапаты алдынкы орундуу элейт .

4.3 Билим берүү процессинин натыйжасы процесстин өзү жана аны ишке ашыруу үчүн зарыл болгон шарттардын сапаты менен аныкталат

5. **Мониторингдин багыттары**

5.1. маниторингдин ар кандай багыттарын жүзөгө ашыруу тартиби ченемдик укуктук документтер менен жөнгө салынат .

5.2. мониторринг мектептин билим сапатын баалоо тутумунун иштешин алкагында жүргүзүлөт

5.3. Мониторинг билим берүү сапатын мониторингде жана баалоо процетуралары менен өз ара байланыштуу

Бул жол – доболорду жүзөгө ашыруу учурунда алынган маалыматтарды жалпылооо жана талдоо билим сапатынын көрсөткүчтөрүнө ылайык жүргүзүлөт .

Көрсөткүчтөрдүн тутмун түзүү үчүн ,мониторингдин параметрлери

борбордун билим берүү сапатынын мониторинг тутумунун көрсөткүчтөрү жана параметрлери колдонулат .

5.4. Мониторингди жүзөгө ашыруунун негизги принциптери болуп ;

- мониторингдин иерархиялык түзүму ,
- алынган маалыматтын обътивдүүлүгү ,
- мониторингдин жүрүшүндө алынган натыйжалардын салыштырылышы ,алдын - ала айтылышы жана максаты саналат.

5.5.Мониторингдин натыйжаларынын негизги колдонуучулары – бул мектеп окуучуларынын администрация мугалимдери жана алардын ата -энелери коомчулуктун өкулдөрү жана башкалар.

5.6. Мониторингдин алкагында маалымат алуу мүмкүнчүлүгү билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга ылайык аныкталат .

**6. Мониторингди уюштуруу жана технологиясы**

6.1. Мониторинг жол- жобосун жүзөгө ашыруунун уюштуруучулук негизи программа болуп саналат ,анда багыттын формасы, мониторинг жүргүзүү мөөнөтүү жана тартиби,жооптуу аткаруучулар аныкталат .

6.2.Мониторинг технологиясын жүргүзүүнүн формасы .багытттары ,тартиби буйрук менен бекитилген мектеп администрациясы тарабынан аныкталат .

6.3. Мониторинг эки формада жүргүзүлөт: мониторинг программасына ылайык үзгүлтүксүз монитолинг жана мезгил- мезгили менен жүргүзүлүүчү мониторинг .

6.4. Мониторинг маалыматты топтоонун, иштетүүнүн , сактоонун жана пайдалануунун баардык этаптарында заманбап маалыматтык технологияларды кеңири колдонууну камтыйт.

6.5. Мониторингдин ишке ашырылышы төмөнкү иш – аракеттердин ырааттуулугун болжолдойт:

- мониторинг объектисин акыктоо жана негизөө;
- мониторинг жүргүзүү үчүн колдонулган маалыматтарды чогултуу ;
- маалыматты ыкчам пайдалануу үчүн сактоону камсыз кылган маалымат базаларын структуралоодо ;
- мониторинг жүргүзүү учурунда алынган маалыматтарды иштеп чыгуу ;
- мониторинг жүргүзүү учурунда алынган маалыматтарды талдоoo жана чечмелөө;
- алынган маалыматтарды талдоонун негизинде документти даярдоо ;
- мониторингдин натыйжаларын мониторинг колдонуучуларынын арасында жайылтуу

6.6.Мониторингдин методдоруна төмөнкүлөр кирет:

- эксперттик баалоо ,
- тесттирлөө,
- анкета ,
- контролдук жана башка квалификациялык иштер .
- маалыматты статистикалык иштетүү .

6.7. Мониторингдин алкагында алынган маалыматтарды анализдөө технологиясында сүрөттөмө статистикалык иштетүү ыкмалары колдонулат.

6.8. Мониторинг инструменттеринин жалпы методологиялык талаптары болуп негиздүүлүк, ишенимдүүлүк, колдонууга жарамдуулук, стандартташтыруу жана апробация эсептелет.

6.9.Мониторингдин жүрүшүндө, топтолгон маалыматтар билим сапатынын негизги аспектилерин мүнөздөөчү индикаторлор жана пареметрлердин жыйындысы боюнча бааланат

6.10. Мониторингдин алкагында колдонулган өлчө процедурасы объектинин сапаттык жана сандык мүнөздөмөлөрүн аныктоoo багытталган .

6.11. Өлчө иш жүзүндө мүмкүм болбогон мүнөздөмөлөр үчүн сандык баалоо тутуму сапаттык баалолор менен толукталат

6.12. Мектептин билим берүү иш – аракет турумун баалоонун сапаттту негизги куралдары -мезгилдин ичинде мүнөздөмөлөрдүн өзгөрүүсүн талдоо жана билим беруу тутумундагы мүнөздөмөлөрдү салыштыруу

6.13. Маниторингдин алкагында алынган маалыматтарды талдоонун натыйжалары боюнча, тиешелүү документтер даярдалат, алар билим берүү уюмунун, билим берүү органдарынын, ата -энелердин назарына коюлат

6.14. Мониторингдин натыйжалары мектеп администрациясы тарабынан негиздүү башкаруу чечимдерин кабыл алуу үчүн негиз болуп саналат.